УДК: 947(575.2):39:398

***Анарбекова Венера Эркинбековна***
*т.и.к.,*
*Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институтунун доценти*
***Анарбекова Венера Эркинбековна***
*к.и.н.,*
*доцент Научно-исследовательского медико-социального института*

***Anarbekova Venera Erkinbekovna***
*PhD in History, Associate Professor of the Research Medical and Social Institute*

## XIX – XX кк. БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАРЫНЫН ИШМЕРДИГИ КОШОК ЫРЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА

**Аннотация.** Кыргыз элинин XIX-XX кылымдар мезгилиндеги мамлекетинин абалы -тарыхыбыздагы бүдөмүк суроолордун бири. Советтик тарыхнаамада көпчүлүк элдердин мамлекетинин тарыхына үстүртөн мамиле жасалгандыктан, бул жагдай негизинен ачыкталбаган. Анын үстүнө, көчмөндөрдүн тарыхын изилдөөдө евроцентристтик көз караш үстөмдүк кылгандыктан, ушул мезгилде, кыргыз эли уруулук түзүлүштө болуп, бытырандылыкка дуушарлангандыктан бирдиктүү мамлекеттик саясат жүргүзө алышпай, өз мамлекетине эгедер болбоду деген, жаңылыш көз караштар бар. Албетте, ошол мезгилде кыргыз элинин басымдуу көпчүлүгү көчмөн турмушта жашагандыгы талашсыз, бирок, муундан-муунга уланып келген оозеки чыгармачылыгы, маданияты баа жеткис. Бул макалада (Кокон хандыгы жана орус отор саясаты мезгилдери) Кокон хандыгы доорундагы (XIX к.) көрүнүктүү инсандар: Медет датка, Тайлак баатыр, Нүзүп бий, Ормон хан, Алымбек датка, Алымкул лашкер башынын ишмердүүлүктөрү кыргыз элинин фольклордук булак катары, кошок ырларында чагылдырылышы жана Орус оторчулук саясаты мезгилинде (XX к. башы) жашаган кыргыз коомчулугунун көрүнүктүү өкүлдөрү: Курманжан датка, Боромбай бий, Шабдан баатыр, Исхак Асан уулу, Мамыр Мерген уулу, Абдылдабек, Молдо Ашыр ж.б. инсандардын ишмердиктери, тарыхый окуялары, элдик боштондук үчүн күрөштөрүн оозеки чыгарма булактарда чагылдырылышы изилденди.

**Негизги сөздөр:** Кокон хандыгы, орус падышачылыгы, кошоктор, тарыхый инсандар, боштондук, мамлекеттүүлүк, фольклор.

## ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ КЫРГЫЗСКИХ ИСТОРИЧЕСКИХ ЛИЧНОСТЕЙ В НАЧАЛЕ XIX – XX вв. НА ПРИМЕРЕ ПЕСЕН ПРИЧИТАНИЙ

**Аннотация.** Состояние государства кыргызского народа в XIX – нач. XX веках – один из самых расплывчатых моментов нашей истории. В советской историографии история государства большинства народов трактовалась поверхностно, поэтому это положение большей частью не раскрывалось.

Более того, поскольку в изучении истории кочевников в прошлом преобладал европоцентристский взгляд, существуют ошибочные взгляды, что в этот период кыргызский народ был разделен на племена и не мог проводить единую государственную политику и не стал сувереном своей собственное государство. Конечно, в то время подавляющее большинство кыргызов вели кочевой образ жизни, но их устное творчество и культура, передающиеся из поколения в поколение, бесценны.

В данной статье (Коконское ханство и периоды колониалной политики России) отражена деятельность известных людей в период Коконского ханства (XIX век): Медет датка, Тайлак баатыр, Нузуп бий, Ормон хан, Алымбек датка, Алымкул лашкер отражение в народных устных произведеных кошок кыргызов как источник фольклора. Видные представители кыргызской общины, жившие в период российской колониальной политики (начало XX века): Курманжан датка, Боромбай бий, Шабдан батыр, Исхак Асан уулу, Мамыр Мерген уулу, Абдылдабек, Молдо Ашир и др. деятельность отдельных лиц, исторические события, национально-освободительная борьба нашли отражение в источниках устных произведений, которые передавались из поколения в поколение.

**Ключевые слова:** Коконское ханство, Русское царство, причитания, исторические личности, освобождение, государственность, фольклор.

## THE ACTIVITIES OF EARLY KYRGYZ HISTORICAL FIGURES ON THE EXAMPL OF MOURNING SONGS IN THE 19th - 20th CENTURIES

**Abstract.** The state of the state of the Kyrgyz people in the XIX - early. The 20th century is one of the most vague moments in our history. In Soviet historiography, the history of the state of the majority of peoples was treated superficially, so this situation was mostly not disclosed. Moreover, since the study of the history of nomads in the past was dominated by a Eurocentric view, there are erroneous views that during this period the Kyrgyz people were divided into tribes and could not pursue a single state policy and did not become the sovereign of their own state. Of course, at that time, the vast majority of the Kyrgyz led a nomadic lifestyle, but their oral creativity and culture, passed down from generation to generation, is priceless. This article (Kokon Khanate and the periods of the colonial policy of Russia) reflects the activities of famous people during the period of the Kokon Khanate (19th century): Medet Datka, Taylak baatyr, Nuzup Biy, Ormon Khan, Alymbek Datka, Alymkul Lashker reflected in the folk oral produced cats of the Kyrgyz as folklore source. Prominent representatives of the Kyrgyz community who lived during the period of Russian colonial policy (early twentieth century): Kurmanzhan Datka, Borombay Biy, Shabdan Bogatyr, Iskhak Asan uulu, Mamyr Mergen uulu, Abdyldabek, Moldo Ashir and other activities of individuals, historical events, national The liberation struggle was reflected in the sources of oral works that were passed down from generation to generation.

**Keywords:** Kokon Khanate, Russian kingdom, lamentations, historical figures, liberation, statehood, folklore.

Кокон хандыгы мезгилиндеги (XIX к.) көрүнүктүү инсандардын: Медет датка, Тайлак баатыр, Нүзүп бий, Ормон хан, Алымбек датка, Алымкул лашкер башынын мамлекеттик ишмердигин кошок ырларында чагылдырылышын илимий адабияттарда жана эл арасынан топтолгон материалдардын негизинде салыштырылып иликтенди. Мисалы, Медет датканын (1778-79-1839) ишмердигинин негизги өзөгүн кызы Аксыйнаттын кошогу далилдеп турат: *“Алтын тон кийип, чен алган, Айтылуу Кокон ордодон!” Атакем, козголгон элди жыйнаган, Кордукка элин кыйбаган. ...Колуна берип бийликти, Атамды, Кокондун ханы сыйлаган!”* – деп Ж.Кенчиевде (Кенчиев, 1996) берилген.

Тайлак баатыр (1796-1838) кыргыз элинин Цин империясынын баскынчылыгына жана Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөштүн жетекчилеринин бири. *“Тайлак минди буурулду, Тамандары туурулду. Таталаган кытайлар, Баары бүткүл кырылды”* - деп айтылып калган.

Нүзүп бий Эсенбай уулу *(1794-1844)* Кокон хандыгындагы кыргыз бийлеринин ичинен биринчилерден болуп «миң башылык» даражага жеткен аскер башчы, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер. Бул тууралуу эл арасында:

*“Кыргыз - Кытай чек араны, Нүсүп кантип бөлдү экен.*

*Кантип башы жетти экен? Кантип барып бөлдү экен?...” (Жоробеков, 2003)* - деген кошок саптары сакталып калган. Нүзүптүн чебереси Байыскан атасы Сулайманкул болушка кошкон кошогунда:

*“Он эки атам хан өткөн, Ойлонбой баары даана өткөн.... Тогуздап атам хан өткөн, Токтолбой баары даана өткөн. Катарлаш атам хан өткөн, Катары менен даана өткөн”* (Калбаев, 2011: 125) - деген саптарда Нүзүп сыяктуу инсандардын кыргыз элинин мамлекеттүүлүккө умтулгандыгын даңазалап турат.

Ормон хандын (1792—1854) бейнеси анализденип, анын жаш кезиндеги окуялары кызы Куландын кошогунда: *“Көрбөй душман багынган, Кан атам көрүп кокондук, Тартуу берип жагынган”* (Кол жазмалар фонду, 219) – деп айтылган.

Алымбек датка Асан бий уулу (1799-1862) – кыргыз тарыхында опол тоодой орду бар жана байыркы ата-бабалардан калган мамлекеттүүлүк идеясына жаңы дем берип жандандырган инсан. Курманжан датканын жоктоо кошогунан:

*“Асылым даткам, ак жолборс даткам, Асылдан сендей жан болбос, даткам. Максатың айкын чын болгон, даткам, Алдыңда жолуң оң болгон, даткам”* деген саптар Алымбектин Кокон хандыгындагы мамлекеттик бийликти чыңдоодо, кыргыздардын ролун жогорулатууда, элдин турмуш-тиричилигин жакшыртууда, Ош шаарын көрктөндүрүп, аны кыргыздардын бир борборуна айландырууда, билим берүүнү, агартуучулукту жолго коюуда зор салымын ачып берет. Айрыкча анын тоолуу Кыргызстандын түндүк, түштүк урууларын баш коштуруп, Кокондон өз алдынча мамлекет курууга болгон аракетин тарыхчылар баалап келишет.

*“...Кыр-кырда жүргөн кыргызга, бегим, Кыямат күндө ким күйөт, бегим...* (Алымбек Датка, 1992). *Орустар менен беттештиң, даткам, Оюңду бербей кектештиң, даткам”...* (Абдыраманов, 2007: 219). *Кыргызым үчүн дегенсиң, даткам, Кыргыздын камын жегенсиң, даткам. Айың бир кептер жетиптир, даткам, Алтын бир башың кетиптир, даткам...”* (Абдыраманов, 2007: 220) – деген кошоктор датканын акыркы өмүрүндөгү көз ирмемди сүрөттөөдө.

Молдо Алымкул Асан уулу (1831-1865) – кыргыз мамлекеттүүлүгү жана азаттыгы үчүн күрөшкөн улуу тарыхый инсан. Молдо Нияздын Санат дигарасттарында: *“Кыргыз менен сарт эде, Кыргыз - сарттын ичинде. Кыпчактан чыккан март эде”* дегени аны ырастап турат. Казахстандын түштүгүн сактап калуу үчүн жана колониялык басып алууга каршы болгон азаттык күрөштөрдө: *“Эл давлати эссиз эр, Эр Миңбайдан баш кетти. Алымкулдун көзүнөн, Үч күнгөчө жаш кетти”*– деген саптар жеңишке карай бараткан Алымкулдун ишенген канаты кайрылганын, ошондон улам согуш токтоп, эки жак келишим түзүп, тарап кетишкенин белгилейт.

1865-жылдын 9-майында Алымкулдун Ташкендин алдында генерал М.Г.Черняевдин аскери менен кармашып жатып өлгөнү Молдо Нияздын казалында:

*“Ордодон туйгун учту”-деп, Оруска чапты сүйүнчү.*

*Кыргыздын ханы өлдү – деп, Кытайга чапты сүйүнчү.*

*Бутпарас маңгыт аралаш, Бухарга чапты сүйүнчү.*

*Ак жолборс көзүң өттү эде, Саратанда кыш түштү.*

*Сан журтуңун башыга, Кыяматтай күн түштү...”* (Молдо Нияз, 1993: 17-18) – деп журт башына келген кайгыны билдирет.

Орус колониялык доорунда жашаган кыргыз коомчулугунун алдыңкы өкүлдөрү: Боромбай бий, Курманжан датка, Шабдан баатыр, Искак Асан уулу, Мамыр Мерген уулу, Абдылдабек, Молдо Ашыр ж.б. инсандардын ишмердиктерин, ири тарыхый окуяларды, элдик боштондук үчүн күрөштөрүн оозеки булактарда чагылдырылышы ачып берилди. Мисалы, Боромбай бийдин керээзинде Россияга ыктоонун себебин да айткан: *“Сарбагыштын зарпынан, Күйдүргөн күндө дартынан, Баштап келдим орусту, Баш карматтым болушту”.* Ошол эле учурда

Боромбайда болочок отор доорунун келишине карата кооптонуу сезими да бардыгын керээзинен байкоого болот. Маселен,

*"Келе турган заманга, Кеңитип кеттим конушту.*

*...Элим-журтум, ук сөзүмдү, Ач көзүңдү.*

*Заманың тар болор, Залимдин сөзү шар болор..."* (Кошоктор, 1998) – деген саптарда "заманчыл" Калыгул олуянын көз карашы чагылып турат.

Курманжан даткага (1811-1907) кошулган кошоктордон мисал келтирсек, Шабдан казалында: *"Алымбек менен Курманжан, Алар да өттү жалгандан. Коконго барып кан болгон, Алымбек датка зор болгон. Эри өлгөн соң, Курманжан, Кокондун барып канынан. Даткалыкка жол алган..."* (Осмоналы Сыдык уулу, 1992: 84) деп сүрөттөлөт. Курманжан датканын өмүрү жана ишмердиги, коомго болгон мамилеси, саясаттагы көз карашы, даанышмандыгы жана нукура, көөнөрбөс асыл сапаттары олуя акын Нурмолдо Наркул уулунун (1838–1920-жж.) "Даткайым" аттуу жоктоо ырында классикалык кошок катары сакталып калган. Анда: *"Куланы тоодон ак кайың, Кусадар калды сан айыл. Кайрат болуп жүрбөстөн, Кайгыртып кеттиң Даткайым. ...Хансарайдын Даткайым. Анжыянда катта айым, ... Хан төрөгөн балдарын, Хан энеси Даткайым...* (Кошоктор, 1998) - деп Датканын ишмердиги даңазаланат.

Шабдан баатыр (1839-1912) кыргыз тарыхнаамасында кеңири изилденген инсан. Ы.Шайбеков жазып алган кошокто: - *"Анжиян менен Наманган, Багындырып алган чын. Анын төмөн жагында, Үлкөн шахар чоң Ташкен. Казак, кыргыз оңу, сол, Баары болгон сизге жем. Бирге жүргөн адамга, Бөлүп бердиң жемиңден. Баяке ажы, Манапбай, Үлкөн болгон демиңден..."* (Кошоктор, 1998: 236) -деген саптар айтып тургандай 1862-жылы Шабдан Баатыр Ташкент шаарын коргоого активдүү катышып, өз эрдигин көрсөткөн.

Баса белгилөөчү нерсе Исхак Асан уулу Полот хандын 1873-76-жж. Кокон хандыгына каршы элдик кыймылдын башында Аксы очогуна тиешелүү окуяларынын элдин эсинде сакталгандыгына күбө болдук. Мисалы, Чаткал өрөөнүндө "Кызыл Токой" деп аталган айылда көтөрүлүшкө байланыштуу элдик кошокто: *"Кызыл жаян кан агып, Кыргын согуш, болгон дешет. Кызыл Токой ошондон - Аталып калган дешет... "*- деп айтылса (Мырзабаев Сасалим, 2003), андан ары: *"Кудаяр хандын тушунда, Калкы менен кас болуп. Катуу согуш болгон дешет мурункулар, Ал согушта, ар бир дарак бутагына. Илинген баатырлар да, Жай казылып көмүлбөстөн, Дагы деле ач кыйкырык, Онтогон үндөр угулат, эч бир өзгөрбөстөн"* (Тажиматова Малика, 2003) - деген саптар жазылып алынган.

Көтөрүлүштүн дагы бир орчундуу очогу Эки-Суу-Арасында мундуз уруусунан чыккан 35 жаштагы Мамыр Мерген уулунун (1838-1879-жж.) жетекчилиги астындагы кушчу, мундуз, багыш, басыз, карабагыш уруулары катышкан кыймыл болгон. Анын көтөрүлүшү Жалал-Абад, Сузак, Ханабад кыштактарын каптап, Анжиян шаарына чейин 1873-74-жж. зор коркунуч келтирген. 1874-жылдын аягында жеңилип калган Мамыр Капка өрөөнүнө (Нарын чөлкөмү) качып кеткен, бирок Кудаяр хандын орус бийлигине жеке өтүнүчү менен Токмок уездинин башчысынын буйругуна ылайык Мамырды Осмон деген досунун жардамы менен алдап, 1874-жылдын 15-июлда колго түшүрүшкөн. Андан кийин ал Лепси уездине камакка салынган. 1877-жылы гана энесинин суранычына байланыштуу Мамыр Мерген уулу Анжыян уездине тымызын көзөмөлдөнүп туруу укугу менен кайтып келген. Абдылдабектин зайыбынын жоктоо ырында Мамыр Мерген тууралуу: *"...Тилла калкан кийинип, Жоо дегенде сүйүнүп, Эңкейиште эр сайып. Экөөдү катмар тең сайып, Баатыр Мамыр баш болуп. Айтса көңүл каш болуп..."* [Мамытов Мыйманбай] – деген саптар менен баатырды сүрөттөгөн.

Исхактын жан-жөкөрү Абдылдабек тууралуу Мургабдык карыя Мыйманбай Мамытовдун айткан кошогунда: *"Уай, Омарбек датка аке, Чыгып ла кетсе жанымды. Алып кет жүктөп тенимди [сөөгүмдү], Арканды беш кат бүктөй көр. Гүлүшө карап жүктөй*

*көр, Кызыл-Артты ашыргын. Гүлүшөгө жашыргын, Эгиз көтөр кабырды. Ыйлабай кылгын сабырды, Асанбек, Маамыт жигарым"* (Жумабаев, 1990: 86) - деп керээз айткандыгы сакталып калган. Абдылдабек хандыктын жергиликтүү таяныч-тиреги болуп кызмат кылат. Курманжан датканын Абдылдабекти жоктоосунда: *"Атаң сымал арстан жүрөк жан элең, А бирок да өжөрлүктө чалаң ай... Айыптабайм: күрөшүң ак, ишиң ак, Эл жер үчүн, ислам үчүн турдуң так... Жагдай шартка, бирок, маани бербедиң, Дал ошондо, сенин катаң билсең нак..."* (Абдыраманов, 2007: 238).

Искак Асан уулу Полот хандын жетекчилиги астында башталган элдик көтөрүлүштүн Баткен аймагында болгон дагы бир активдүү кол башчыларынын бири Молдо Ашыр болгон. Молдо Ашырдын кызы Дилпигардын кошогунда: *"Таш үстүнө от жаккан, Ташкенттин элин топ чапкан. Муз үстүнө от жаккан, Бухардын элин топ чапкан"* (Курбанбеков, 2015: 155).

Жалпы жолунан биз чакан изилдөөбүздө эл арасынан топтолгон талаа материалдары менен адабияттарда изилденген тарыхый инсандардын саясий ишмердигин, мамлекет үчүн жасаган иш-аракеттерин, азаттык жана мамлекеттүүлүк идеяларын чагылдырган фольклордук материалдардын, анын ичинде кошок ырларынын негизинде салыштырмалуу изилдедик. Мындай тариздеги уникалдуу эстеликтер бүгүнкү күндө өтө аз изилденген. Биз эл арасынан топтолгон этнографиялык материалдарга тарыхый анализ бере алдык жана төмөнкүлөрдү байкадык: Жогоруда келтирилген мисалдарда кошок, арман жана жоктоо ырларында кыргыз көчмөн турмушунда жана маданиятында кошоктор, армандар жана жоктоо түрүндөгү фольклордук жанр бир нече түрлөргө бөлүнүп, негизинен кошок кошулган инсандын башынан өткөн окуяларды чагылдыруу менен катар эле коомдук-тарыхый ири идеяларды да бере алгандыгын байкай алдык. Кошок, арман жана жоктоо жанры азыр деле кыргыз элинде унутула элек. Бирок, ааламдашуунун шарттарында, азыркы заманбап турмуштун агымында алардын деңгээли улам барган сайын төмөндөп бара жаткандыгын байкоого болот. Бул - салттык маданияттын унутулуп бара жатышы болуп эсептелет.

Ошондой болсо да биз ретроспективдик ыкма менен азыркы күндө эл арасында сакталып калган кошок ырларынын мисалында кыргыз элинин байыртан бери салттуу келе жаткан эркиндик, мекенчилдик жана башка гумандуулук идеялардын чагылдырылышын калыбына келтире алабыз. Фольклордук материалдарды изилдөө мына ушунусу менен баалуу жана актуалдуу.

Демек, маселени изилдөө менен төмөндөгүдөй ***сунуштарды*** эске алуу зарыл: Кыргыз элинин тарыхын терең изилдөө максатында фольклордук материалдарын жыйноо, изилдөө жана илимий айлампага киргизүү иштерин колго алуу керек; акыркы учурда элдин жашоо деңгээлинин өзгөрүшүнөн улам кошокчулар азайып, оозеки чыгармачылыктын мындай түрлөрүнүн таасири эл арасында жоголо баштады. Элдик маданияттын башатын түзгөн фольклордун бул жанрлары боюнча атайын илимий жана публицистикалык эмгектерди даярдоо зарыл; тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн пропагандалаган маданий иш-чараларды мезгил-мезгили менен өткөрүү аркылуу коомчулукту элдик казынадагы бай мурастар менен тааныштырып турууга мүмкүндүк түзүлөт. Андан сырткары азыркы учурдагы руханий илдеттерден арылууга, эли-жерине берилген, мамлекеттин келечеги үчүн талыкпас эмгектене турган саясий ишмерлерди калыптандырууга негиз түзүлөт; өткөн доорлордо жашаган кыргыз элинин тарыхый инсандарынын эркиндик, көз карандысыздык үчүн күрөшкөн иш-аракеттерин, алардын мамлекеттик ишмердик сапаттарын даңазалоо, үгүттөө иштерин жолго коюу бүгүнкү күндүн негизги милдети болуп саналат. Анткени, ал аркылуу жаштарды мекенчилдикке, элин-жерин сүйүүгө жана гумандуулукка тарбиялоого жол ачылат.

Демек, бул илимий ишти мындан ары дагы улантуу керектигин белгилейм. Анткени, убакыттын өтүшү менен нарк-нусканы

билген карыялардын арабыздан суюлушу тарыхый-этнографиялык баалуулуктардын азайышына алып келет. Модернизацияланган коомдогу жаштар мындай маданиятты толугу менен билбейт. Салттык маданияттын баалуулуктарын сактап калыш зарыл милдет. Мындай иш-аракеттердин жыйынтыгы тарыхый боштукту толтурууга толук кепилдик берет.

**Адабияттар**


1. *Абдыраманов Ш.* Тарыхтагы ак тактар. Бишкек: Аянт, 2007.
2. *Алымбек датка.* Сен сүйгөн обон. Бишкек, 1992.
3. *Егембердиева С., Акматалиев А.* Кошоктор. Бишкек: Шам, 1998. “Эл адабияты” сериясы. 21-т.
4. *Жумабаев Б.* Абдылдабек жана анын мезгили. Кокон хандыгынын тушундагы 1873-1876-жж. Кыргыз көтөрүлүшү жөнүндө. Бишкек. Ала-Тоо журналы, (10).1990.
5. *Калбаев А.* Сулайманкул болуш. Бишкек, 2011.
6. *Кенчиев Ж.* Медет датка. Бишкек: Шам, 1996.
7. *Курбанбеков Т.* Молдо Ашыр – өз доорунун азаттыгы үчүн күрөшкөн инсан. /Исхак Асан уулу Полот хан (азаттык жана мамлекеттүүлүк) (“Тарых жана мурас” түрмөгү). Бишкек, 2015.
8. Кол жазмалар фонду, инв. 219 (430)
9. *Молдо Нияз*. Санат дигарастар. Бишкек: Учкун концерни, 1991.


**Автордун талаа материалдары (Информаторлордун маалыматы)**


1. Жоробеков Ташбай. Кошок [Текст]. Аксы району, Авлетим айылы. – 2003.
2. Мырзабаева Санаш. Кошок [Текст]. Чаткал району, Ак-Таш айылы. - 2003.
3. Мырзабаев Сасалим. Кошок [Текст]. Чаткал району, Ак-Таш айылы. - 2003.